КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 19-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын “13”июлу №19-1** **Кайрагач-Арык айылы**

**Араван районунун мамлекеттик администрациясын башчысы-аким Эркимбаев Данияр Жантаевичтин сунушу жана Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушу негизинде Жаңы-Жол айылындагы Тоок кепенин маселесин кароо**

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 31-январындагы “Кыргыз Республикасынын калкынын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдигин камсыз кылуу боюнча объекттерге мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл (контроль), санитардык-эпидемиологиялык экспертиза, иликтөө, текшерүү, изилдөө, сыноо жүргүзүүнүн” тартибине ылайык Араван районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Эркимбаев Данияр Жантаевичтин жана Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы С.Дүмүровдүн сунушу негизинде Тоок кепе боюнча маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, сессияга катышкан депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алуу менен, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Жаңы-Жол айылдагы №88-89-90-контурлардагы Тоок кепе мыйзамсыз курулуп, ижара мөөнөтү аяктаганына байланыштуу мыйзам чегинде каралып муниципалдык менчикке кайтаруу сунушталсын.
2. Жаңы-Жол айылында жайгашкан №88-89-90-контурлардагы Тоок кепе боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу жагы Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн (https://dobo-korgon/gov) расмий веб-сайтында жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ош облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестирине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**